**САТЫБЕКОВА Т.С,**
**БАЯЛИЕВА А.С.**
**lib.knu@mail.ru**

# ЗАЛКАР ЖАЗУУЧУНУН ЫЙМАН САБАГЫ
## (Ч. Айтматовдун 80-жылдыгына карата)

Бир кезде улуу «Манасты» жараткан элибиздин азыркы учурдагы көркөм ойлоосунун мурда болуп көрбөгөндөй жаңы бийиктигин биз Ч.Айтматовдун чыгармачылык турпатынан көрүп турабыз. Биздин улуу тоолор дүйнөдөгү бийик тоолор менен жанаша тура калган сыьары, Ч.Айтматовдун бийиктиги менен кыргыз элинин маданияты жер шарындагы бийик маданий тоолор менен теьешип, бир катардан орун алгандыгына кимдер сыймыктанбасын. Мына, «Эл эмгегин эр актайт, эр атагын эл сактайт» деген эл макалынын маанисин дагы бир жолу айгинелеп толуктап тургансыйт.

Кыргыз элинин озуно тиешелуу улууларга болгон урмат, кичуулорго болгон ызаат-сыйын, ърп-адатын кылдат тизмектеп берьъ менен бирге Ч.Айтматов жаштарга ыйман сабагын бълъндърбёстён, аярлап, кыялы менен каны-жанына сиьирип келет. Ч.Айтматовдун чыгармаларында кыргыз тилинин нукура сёз берметтери иргелип алынат, б.а. кейипкерлери ётё ыймандуу келип, тарбиянын нукура ългъсън таасир этет.

Согуш мезгилиндеги ёспъръмдёр ёзълёрънън балалыгын унутуп, чоьдор менен аралаш мезгилдин жъгън гана кошо тартышпастан, айлана-чёйрёгё, болуп жаткан окуяга сереп салуу менен «эрте жетилишет». Сонундуктун, коoздуктун Жер менен Къндън ортосунда, булуттуу кёктън астында, муьдуу чёптън ъстъндё боло тургандыгын, адам маанайынан ёзъ да табият сымал экендигин баамдашат. Кънъ бою арабада эгин ташып, алдан кетип чарчаганына карабай, Даниярдын адам таь калаарлык обонун угуп жён гана термелип келе бербестен, адам баласына таасир эткен теребелге, август тъндёрънё, асмандагы жайнаган жылдыздарга, тыным албай агып, таштан-ташка урунган Кърркърёё суусуна сереп салуу менен: «Капырай, Данияр ушундай экен да? Капырай, анын мындайы кимдин оюнда бар эле?» - деп сонундукка суктанат, таасирленет, баамдоого ъйрёнёт.

Ата-Мекен эмнеден башталат деген суроо коюп, кейипкер ёзъ чечет… Алдыда кыштактын бак-дарагы дъпъйъп, андан келген жел эзилип бышкан алманын ширесин, сото кучактап гълдёгён жъгёрънън балыр-таттуу дъмбъл жытына, короолордо жыйылган тезектердин жылуу демине аралашып, аькытат («Жамийладан»).

… Желп-желп этип мелуун керимсел жургондо шимуурдун асел жыты шыраалжын менен эрмендин кермек жытына аралашып, буудай арасы шуудурап, кылканына илинген Айжарыгы алтын кёлдёй кубулуп чайкалып жатты. («Саманчынын жолу»).

Бул сыяктуу табийгаттын не деген кереметин суротто менен окуучунун жан-дъйнёсън козгоп, ёзъь ёскён Жердин тезегинин жыты да жагымдуу, жакын, жылуу экендигин туясыь. Аралай басып, бирок маани бербей жъргён таш да, кермек жыттуу эрмен да, тън ичинде куушурула сърдъъ кёрънгён бийик аскалар да сеники экендигин, башына мъшкъл кън тъшсё, дал ошолорду Манас деп уран чакырып коргоп, алаканына салып бапестеп коргооруьду эстеп, анан азыркы мезгилде жашап турганына канагат аласыь.

Жаш муунга шыпаа болуучу тарбия – насааттардын бири - каза болгон адамдын керээзин эсинен чыгарбоо. Адам кандай да болбосун эл менен алакалаш жашап, мамиле тъзъп, жаман-жакшыны эл менен кёрёт. Мына ошондуктан адамдын кёзънън тиръъсъндё айтканы кыргыз элинде керээз катары, сёзсъз аткарылууну талап кылат. Мунун да ёзънчё жазылбаган мыйзамы, тарбия-таалими бар. Кёзъ ёткён

адамдын тирүүлөр калтырган суроосу, анын аткарылышы да улуттук бир белги катары чыгармаларынан орун алат. «Койсонорчу, ушу да жигиттин сёзъбъ, -деп жаштарды уяткарды. Мындай кишини ата бабасы жаткан Эне-Бейитке коёбуз. Рахаты ёзъ да айтып кеткен деп,-Эдигей арбак сёзън ыйык сезсе, ага каршы сёёк ээси Сабитжан:- кайдагы бир Эне-Бейитке дебей, ушу тегеректе жер азбы, босогоьдон аалам тъбънё чейин Сары-озоктун талаасыозу омур бою иштеп откон темир жолдун боюндагы бир дёбёчёгё жашырбайлыбы, поездерддин ёткён-кеткендерин тыьшап жатсын… Мындай учурда тез ойлоп, тез бътъргён жакшы, баш оорутуп, жанды кыйнап отурабызбы, - деди акылдуу уулу» («Кылым карытар бир кън»).

Бул жердеги Эдигей менен Сабитжандын ортосундагы пикир келишпестиктин ёзънён таалим алуу мъмкънчълъгън кёрёбъз. Биринчиден, киндик каны тамган, жашап ёткён жерге болгон тартылуу къчън, маркумду ызааттоону Эдигейден кёрсёк, экинчиден тостойгон кёзъ менен ырсая кългёнънён башкасы окшобогон, ёз башына ёзъ ээ болбогон, арбакты унуткан Сабитжандын туулган жерге, ал тургай ёз атасына болгон Сенек сезимин туябыз. Кудай ушундайдан сакта деп карылар жакасын карманса, жаштарга сабак беръъчъ тарбияны коробуз.

Ар бир элдин озуно тиешелуу ырым-жырымы, буга табынуусу, ага болгон кандайдыр бир сыйкырдуу сезими бар. Байкап карасак, тъштън да, толгонун да кыргыз эли менен бирге жашап, ага болгон озунчо мамилесин, ишенимин кейипкердин баамы менен таразаланат. Дегинкисин, Ч.Айтматовдун кёзъ менен караганда, адамдардын бир нерселерге болгон ишенимин сактайт. Бул да болсо улуттун ёзгёчёлъктёрдън бир белгиси эмеспи. «Уламыш жомоктору байыганда Эдигей тёлгё тарта кетчъ. Кырк бир тёлгё ташты Эдигей жанына сала жърёт. Илгертен калган ырымды колдонуп, таштарга тооп кылып, ачык айтып ак съйлё- деп ёз алдынча къбърёп, Абуталип кайда экен, жолу ачык бекен, жабык бекен, аны айт деп, кёьълъ кирдъъ бекен, таза бекен, ушуну айт деп тёлгё тарта берет. Балдар тегеректеп, таштардын экиден, бирден орду-ордун таап жатканына сыйкырданып карап турушат…

Бул жолу Эдигей ОЗУ отуп баратып, тамдын бурчунан шыбыраган ун угулуп калды, акырын барып караса, Абуталиптин балдары экен. Эрмек толго тартып жатат. Таштарды билгенинче жайлаштырып, ар бир ташты маьдайына тийгизип, ёёп къбърёп жатыры».

Бул жердеги окуядан улам баланын ой-мъдоосуно, кыялына чондордун гана таасирин кёрбёстён, илгерки жомок сыяктуу муундан муунга калуучу улуттук ырым-жырым, салт-саананын кочуп келе тургандыгын баамдайбыз.

Тъш кёръъ ар бир улутта эле бар дечи, бирок аны жоруу, аян катары туюу улуттардын ёзънё тиешелъъ экендигин билебиз. Эки башка мезгилде жашаган кейипкерлердин тъшънън белгилерин карап кёрсёк эки ача туюмду берет. Бирок кандай да болбосун жалпы белгини баамдоого болот. Кыргыздар тъшънё отун кирсе, олжо деп коюшат. Ошондой тъштъ Алтынай кёрёт «… караьгы тън каптаган ээн адырда тезек терип жърґён экемин, бир убакта чийдин арасында жеьем болуп ыржайган кара катын чыга калды да мени кёздёй атырылды. Капты кётёръп качып жёнёдъм. Жърёгъм оозума тыгылып, дем бербей, бутум чёпкё оролуп, кадамым арбыбайт. Чаьырган кара катын аркамдан кекетип келип, мени жерге кётёрё чапты да, жулмалап тумчуктура баштады. Ал менин колумдан капты талашып жатты. «Бербейм, тезекти мектепке алып барам! Коё бер мени, коё бер!»- деп чанырып жаттым. (Биринчи мугалим»).

Эгерде бул тъштъ Сайкал эне жоруса, анда: Балам, олжо-буйлалуу болот экенсиь, жолуь ачылып, багыь бърдёйт экен, сенин багыьды байлайм деген карасанаалуулардын кутулат экенсиь, кара катындан кутулганыь жакшы болуптур, балакет-салакетиь ошону менен кетсин. Тъшьь тъш болбой, туш болсун, балам. Оомийин!»-деп жоруп коймок. Алтынайдын тъшъ чынында эле аян бергендей, андан аркы келечек турмушу, чыгармачыл жолу адам суктанаарлыктай эле болду.

Жерде жашоо болгондон бери бирине-бири уланган жаш менен карынын ортосундагы мамиле, дайыма жъръп туруучу, отуп туруучу таасир этуунун куч –

тарбиясы бул ыйман сабагы. Ыйман сабагы дегенде маьдайга тизип отургузуп класстарда ётълъъчъ мамлекет тарабынан бёлънгён убакыт эмес, мугалимдер аны атайын жъргъзъшёт. Бирок, атадан балага, чоьдон кичинеге болгон тарбия сабагы кёркём чыгармаларында тике жана кыйыр търъндё жъръп турат эмеспи. Биздин назарыбызды бурган Ч.Айтматовдун ыйман сабагы мына ушундай, билиндирбей, кёркём дъйнёьё каны менен, акылыь менен съьгъп таасир этъъчъ тарбиялык саатка жатат. Айтор, ошондонбу, залкар жазуучунун ар бир чыгармасын окуп, кыргыз тилинде накыл сёздёрдън арбындыгын, алардын кудурети къчтъъ экенин, ойлорго молдугун сезесин. Ар бир каармандын кемчилигин алып салып, улгу болуучу жактарын озуно синирип, ыйманына камчы чаппай жашагым келет. Ылайым эле жаштарга да ушундай ыйман сабагы шыпаа болсо экен дейсин.

**АДАБИЯТТАР**


1. Айтматов Ч. Повести. - М., Художественная литература, 1989.
2. Айтматов Ч. И дольше века длится день. – Фрунзе: Кыргызстан, 1981.